
# Бийчи кыз Миссели эмнеге ыйлады?



Автор: Мотана Фэтман

Сүрөтчү: Эйми Айрес

Которгон жана адаптациялаган: Марлэн Матназаров

# Бийчи кыз Миссели эмнеге ыйлады?

Автор: Мотана Фэтман
Сүрөтчү: Эйми Айрес
Которгон жана адаптациялаган: Марлэн Матназаров

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021


Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org /licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Бийчи кыз Миссели эмнеге ыйлады?" (кыргыз тилинде), Марлэн Матназаров тарабынан которулуп адаптацияланган. Dance, Mihlali! (англисче) чыгарманын негизинде, автору Matona Fatman, сүрөтчүсү Aimee Ayres жана Khuty Ngqayimbana, Book Dash © 2018 CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/60932-dance-mihlali

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





Миссели – кичинекей бийчи кыз. Жакында боло турган чоң концертте Миссели бийлейт. Ошол учурду кыялданып, ал абдан толкунданып жүрөт.



Бийлеп жатып кокус жыгылып кетсечи? Анда эмне болот? Мисcели ушуларды ойлоп, чочуп да кетет. Аны байкаган апасы бир жолу ага мындай деди:

– Кызым, көп корко бербе. Концертке чейин мен сага жардам берем. Баса, чоң энеңдин белегин көрдүңбү?







– Апа-а, ага да көңүлүм келбей жатат.

– Жок, кызым, чоң энеңдин белеги, балким, керек болор...










Миссели
апасынын сөзүн
угуп, үйгө келер
менен чоң энесинин
белегин ачты.




– Апа, сонун экен, караңызчы, бул мага аябай керек эмес беле! – дейт Мисселе. Көрсө, чоң энеси аны бийлегенде бутуна кийсин деп пуант сатып алыптыр.








Концерт боло турган күн да келди.



Мисселинин бийлегенин көргөнү чоң энеси бүгүн айылдан келди. Атайын бут кийимин кийген Мисселі ишенимдүү, чимирилип бийледи.




Концерттен соң Миссели чуркап келип, кубанганынан апасы менен чоң энесин кучактап калды.



Эми ал бийлегенден корспойт!

Миссели, сарсанаа болбой бийлей бер!

Бийле, Миссели, бийле!



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Мотана Фэтман

Сүрөтчү: Эйми Айрес

Которгон жана адаптациялаган: Марлэн Матназаров



USAID "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- **1.3 деңгээли**

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли